**УДК:39\394**

**АЛПАСЛАН АШЫК, ЭРАЙ АМАСЯ**
Кыргыз-Түрк “Манас” университети, Бишкек
**ALPASLAN ASYK, ERAI AMASYA**
Kyrgyz-Turk “Manas” University, Bishkek
alpaslan.a@manas.edu.kg amasyaeray@gmail.com

# БАЙЫРКЫ ТҮРКТӨРДӨ АЙДАКЧЫ АҢЧЫЛЫК

Облавная охота у древних тюрок

Battue of ancıent turks

Аңчылыктын тарыхы адамзаттын келип чыгышы менен жашташ. Анткени аңчылык адам баласынын эң биринчи азыктануу булагы болгон. Эң оболу жөнөкөй ыкмаларды колдонуу аркылуу тек гана тамак-аш үчүн жасалган аң уулоо убакыттын өтүшү менен өркүндөп олтуруп түрлөрү көбөйгөн, жадагалса тутунган диний ишенимдердин бир бөлүгүнө айланган. Бул жагынан аңчылык бир гана тамак-аш табуу максаты менен эле калбастан, ошол эле учурда адамдардын руханий дүйнөсүнө да өз таасирин тийгизген. Натыйжада аңчылыкка байланыштуу бир нече ритуалдар жана ишенимдер пайда болгон. Аңчылыктын адам баласынын ишенимине болгон таасирин аскалардагы жана үнкүрлөрдөгү петроглифтерден байкасак болот. Булардын баарын эске алганыбызда аңчылык социо-экономикага жана ишенимдерге таасир берген каражат катары бааланылышы зарыл. Мындай таасирдин деңгээли коомдон -коомго карата бири-биринен айырмаланып, түрк элдеринин арасындагы таасири алда канча жогору болуп саналат. Байыркы түрктөрдүн социо-экономикалык жашоосунун мал чарбачылыгына жана аңчылыкка таянышы бул таасирдин жогорулашына алып келген. Мындан улам аң уулоонун түрлөрү жана түрдүү ыкмалары көбөйгөн. Айдакчы аңчылык да ушулардын бири болуп эсептелет. Ат менен курчап аң уулоонун түрк элдеринин жашоо турмушундагы ордунун жогору болгондугун баса белгилеп кетүү зарыл. Бул изилдөөбүздө ат менен курчап аң уулоонун келип чыгышы, ыкмалары, түрлөрү жана жасалуу себептери тууралуу сөз болот.

**Урунттуу сөздөр**: аң, аңчылык, айдакчы аңчылык, аңчылык түрлөрү, курчап аң уулоо

Охотничий промысел стар как само человечество, так как является одним их первых источников пропитания для людей. Охота, проводившаяся вначале примитивными методами и только для добычи пропитания, со временем развиваясь, приняла разносторонний характер и стала даже частью верований. Таким образом, охота не только являлась источником пропитания, но в то же время влияла на духовный мир людей. По этой причине, появилось множество ритуалов и поверий, связанных с охотой. Влияние охоты на поверья можно проследить по петроглифам и рисункам на стенах пещер. Приняв все это во внимание, нужно расценивать охоту как элемент, влияющий на социо-экономическую жизнь и духовный мир. Уровень такого влияния меняется от общества к обществу, но на тюрок имеет довольно сильное влияние. Тот факт, что по большей части социо-экономическая жизнь у древних тюрок опиралась на животноводство и охоту,

только усилило это влияние. По этой причине, древние тюрки создали множество способов и видов охоты. Облавная охота является одной из них. Вместе с тем, облавная охота является для тюрков одним из видов охоты, имеющий отдельное место и значение. В настоящей работе мы остановимся на таких темах, как происхождение, правила, виды и причины проведения охоты.

**Ключевые слова**: Охота, Охотничий промысел, Облавная охота, Виды Охоты, Охота со свитой.

Hunting is as old as humanity itself, as it is one of the first sources of food for people. The hunt, which was carried out in the beginning by primitive methods and only for the extraction of food, with time developed, became diversified and became even a part of beliefs. Thus, hunting was not only a source of food, but at the same time influenced the spiritual world of people. For this reason, many rituals and beliefs associated with hunting have appeared. The influence of hunting on beliefs can be traced through petroglyphs and drawings on the walls of caves. Considering all this, one should regard the hunt as an element affecting the socio-economic life and the spiritual world. The level of such influence varies from society to society, but in Turks, it has a rather strong influence. The fact that, for the most part, the socio-economic life of the ancient Turks relied on livestock and hunting, only strengthened this influence. For this reason, the ancient Turks created many ways and types of hunting. The battue is one of them. At the same time, for the Turks, battue is one of the types of hunting that has a separate place and significance. In this works, we will focus on topics such as the origin, rules, types and causes of hunting.

**Keywords:** Hunt, Hunting, Battue, types of Hunting, Hunting with Environment, Ring Hunt.

Киришүү

Айдакчы аңчылык тарыхый булактарда сыйыр аңы (бодо малга аң уулоо), сүргүн аңчылыгы, курчап аң уулоо, ороп аң уулоо, черге сыяктуу аттар менен аталат. Бул аталыштар айдакчы аңчылыктын аткарылыш ыкмаларына байланыштуу болуп, бир гана “сыйыр аңы” сөзү илгерки замандарда бодо малдарга карата аңчылык кылуу максатында колдонулушу менен байланыштуу. Сүргүн аңы жана ат менен айдакчы аңчылык аты айтып тургандай эле жаныбарларды бир жерге сүрүп, ороп, курчап аңчылык кылуу, черге (Эрзинжан жана Элазыкта ат менен аң уулоону черге же черги деп да айтышат. Караңыз: Ögel 2000: 187) түрлөрүнө байланыштуу.

Айдакчы аңчылыктын түпкү маңызынын ишеним менен байланышта болгондугу кеңири чөйрөдө айтылып жүрөт. Айдакчы аңчылыкты түшүндүрүү үчүн колдонулган “сыйыр” же “сүргүн аңчылык” сөздөрү тикеден-тике ишеним менен байланыштуу болгондугу болжолдонууда. Гөкалп айдакчы аңчылыкты байыркы түрктөрдө “кутас” деп аталган ири мүйүздүү жаныбарга байланыштырат жана кутас сөзүн “кут” жана “өз” сөздөрүнүн биримдигинен пайда болгондугун ачыктап өтөт. Өзгөчө “Кутсал Өкүз (ыйык өгүз)” маанисин берген кутас аталышындагы жаныбардын түрк элдеринин тотеми болгондугун белгилеп кетет (Gökalp 1991: 298). Бодо малга аң уулоонун түпкү теги түрк элдеринин уруу-уруу болуп жашаган учурларында атын алган түрдүү оңгондорго байланыштуу жасалган риуталдарга барып такалат. Жылда бир жолу өткөрүлгөн бул диний ритуалдарда негизинен эти желбеген онгон жаныбары курмандыкка чалынып, эти желинген. Айдакчы аңчылык жана той-тамашалар мындай ритуалдардын калдыктары

болуп саналат (Köprülü 1980: 14). Ошондуктан, мурда аңчылык учурунда бир нече ритуалдар жасалып, аң ууланып бүткөндөн кийин жалпы ритуалдык тойго айланып кеткен (Gökalp 1976: 43).

Убакыттын өтүшү менен ритуалдык өзгөчөлүгүн жоготкон айдакчы аңчылык салты саясий фигуралар үчүн өз аброюн тегерегиндеги адамдарга көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө шарт түзгөн каражат болсо (Allsen 2006: 27), аң уулоо айдын-талаа түрктөрү үчүн маанилүү бир жан багуучу булакка айланган. Калк арасында аңчынын орду жогору болгон. Ошондуктан, түрк элдериндеги “алп” образынын эң биринчиден аңчы менен байланышкандыгын белгилеп кетишет (Kaplan 2002: 11,23; Konstantinov 2012: 123). Башка сөз менен айтканда аңчылар элдик баатырлардай кадыр-баркка ээ болушкан. Ошентип байыркы түрктөрдө өкүмдардыктын бир белгиси катары саналган “кут ээси болуу” өзгөчөлүгүн эске салсак, Теңирдин жер бетиндеги өкүлү деп кабыл алынган кагандардын баатырдык сапаты менен кошо эле анын эң мыкты аңчы болушу да шарт эле. Аңчылык учурунда кагандын жолунун болбоосу анын ар-намысына шек келтирген жана жан-жөөкөрлөрүнүн алдында кадыр-баркы кеткен. Ошондуктан, аң уулоо учурунда олжону ат менен кууп камалаган жигиттер, олжонун каганга жакын жана атууга ылайыктуу болуусуна, каган алдыдагы олжосун оңой кармашына шарт түзүп беришкен. Махмуд Кашгары өзүнүн эмгегинде бул ойду кубаттаган абалда “сыгыр (уй)” сөзүн мисал

келтирип жатып: “өкүмдар менен чогуу жасала турган аңчылыктын бир түрү. Каган жапайы жаныбарларды таап, өзүнүн алдына айдап келтириш үчүн өз жан-жөкөрлөрүн токойго, талааларга жиберет. Каган жаныбарлардын артынан куубастан, даяр келген айбанды уулайт” (Mahmud 2014: 156) деп белгилеп кетет. Бул өңүттөн алып караганда

айдакчы аңчылык кагандын аңчылык жөндөмүн жогорулатып, эл арасындагы баркын,харизмасын көтөрүп, аскерлеринин алдындагы аброюн бекемдеген ыкма катары эсептөөгө болот.

Айдакчы аңчылыктын түпкү максаттары убакыттын өтүшү менен өзгөрүүгө учураса да диний өңүтү кийинки учурларга чейин сакталып калган. Айдакчы аңчылык кагандын каалоосу менен көккө, жерге жана ата-бабалардын арбагына арналып да ишке ашырылган (Esin 2001: 94). Телес урууларынын батышта жашаган группалары айдакчы аңчылык кылышып, андан соң диний жөрөлгөлөр уюштурушкандыктары тууралуу кабарлар бар (Gültepe 2015: 564). Аңчылыктан кийин жасалган бул диний жөрөлгөлөр кийинчерээк тойлорго жана шаан-шөкөттөргө айланган.

Ошондой эле түрк элдери экономикалык жана аскерий муктаждыктардан улам ат менен аңчылык кылышкан. Аскерлерди тарбиялоо максатындагы аңчылык көптөгөн атчан жоокерлердин катышуусу менен ишке ашкан. Аскерлерди машыктыруу үчүн жасалган аңчылыктарда камалоо, буктурма сыяктуу түрдүү ыкмалар үйрөтүлгөн. Кытай жазма булактарындагы маалыматтарга караганда б.з.ч.62-жылы хун шанүйүнүн башчылыгы астында уюшулган айдакчы аңчылыкка 100 миң атчан аскер катышкан (Kafesoğlu 1998: 288). Б.з.ч. 43-жылы хунну өкүмдары Хуханьеге барган кытай элчилери айдак аңы учурунда Кытай дубалынын айланасындагы бардык жаныбарлардын өлтүрлгөндүгүн жана шанүйдүн болуп көрбөгөндөй күчтөнгөндүгүн айткан (Ögel 1981: 162; Onat 2004: 59).

Айдак аңчылыктын ыкмалары жана жасалышы

Айдак аңчылык белгилүү бир ыкмаларды колдонуу менен жаныбарларды үркүтүп, бир жерден экинчи жерге айдап барып топтоп, ошол жерде аларга кол салуу же аңчылык кылууга негизделет. Мындай аң уулоодо эң алгач жаныбарларга өкүмдар аңчылык кылат, андан кийин даражаларына карап кийинки төбөлдөр аң уулаганга киришет. Бул салт түрк элдеринде тээ алмустактан бери жашап келген.

Түрктөрдөгү айдак аңчылыкка чейинки жана аң уулоо учурундагы процесстер боюнча жетиштүү маалыматтар жок. Бирок, Жувейни монголдордун айдак аңчылыгын кылгандыгы тууралуу кеңири маалыматтарды берген. Чыңгыз хан аңчылыкка чыгардан мурда аскерлеринен белгилүү бир топту аң уулана турган аймакка жиберип, жаныбарлар тууралуу маалымат алдырган. Чыңгыз хан аңчылыкты аскерди машыктыруучу каражат катары эсептеген. Аңчылык кылууну каалаган учурда аскерлеринин даярданышы үчүн атайын жарлык чыгарган да, жооптуу кызматчылар аңчылык үчүн курал жарактарды камдашкан. Андан кийин аскерлерди оң жана сол канатка бөлүп, ар бир канаттын башына нойондорду дайындайт, аялдары, тамак-аштары менен кошо аң уулаганга чыгып кетишет. Аң уулоо учурунда алгачкы үч айда жаныбарлар түнү-күнү айдалат, сүрүлөт. Маалыматтар убагы менен ханга жеткирилип турат. Андан соң курчоо улам кичирейе баштайт, жиптер менен тосулат. Аскерлер курчоонун сыртында катарынан тизилип турушат. Эң оболу хан жаныбарларга аң уулай баштайт. Моокуму канып, чарчагандан кийин бийик дөбөгө чыгып шахзадалардын аң уулаганын тамаша кылып көрүп отурат. Шахзадалардан кийин нойондор, андан кийин башка аскер башчылары аң уулашат. Жаныбарлар азайганда аксакалдар хандын жанына барып, жаныбарлар азайып кетпеши үчүн коё берилиш шарт экендигин айтышып суранышат. Ошентип хан жаныбарларды коё берип, аңчылык соңуна келип жетет (Cüveyni 1999: 88-89; D’ohsson 2008: 151).

Түрктөрдүн аңчылыгы тууралуу маалыматыбыз канчалык аз болсо да, кээ бир тарыхый маалыматтардын жардамы аркылуу, маселен монголдор менен түрктөрдүн окшош маданияты, жашоо шартынан улам, монголдор сыяктуу эле байыркы түрктөрдө аңчылыктын кандай процессте ишке ашкандыгын болжолдоого мүмкүн. Түрк элдеринин тарыхый процесс ичиндеги уюшум жөндөмдүүлүктөрүн эске алсак, салт, аскердик билим жана тамак-аш алуу функциясына ээ болгон аңчылыктын эң мыкты уюшумдуулук менен жасалгандыгын баса белгилеп кетүү керек.Түрк элдеринде да эң башта аңчылык кылына турган жаныбарлар айдалып келинет, курчоого алынат, андан кийин биринчи болуп өкүмдар аң уулайт, анын артынан аскердик чинине карата кийинки башчылар улантышкан. Жаныбарларга ок атылгандан кийин курчоо аяктаган, тирүү калган жаныбарлар коё берилген, калган жаныбарлардын эттери аскерлер арасында чинине жана сакалына карап бөлүштүрүлгөн (Önder 2009: 18; Şükürov 2009: 58-59). Түрктөрдө бул бөлүнгөн эттер “үлүш” деп аталган жана белгилүү бир тартипте ишке ашкан (Ebulgazi 1996: 155-157; Ögel 2010: 371-372; Aşık A. 2016: 109).

Айдак аңчылыкта тирүү калган жаныбарлардын коё берилиши тууралуу бир нече пикирлер бар. Эң маанилүү нерсе аңчылыкка катышуу болгон жана аң уулоого катышкандан кийин бардык жаныбарларды өлтүрүүнүн зарылчылыгы болгон эмес. Экинчи бир ыктымалдуулук ат менен курчап, аң уулоонун максаты эт алуу болбогондуктан, аскердик окутуу өтүлгөндөн кийин жаныбарлар коё берилген (Fazlullah 2010: 132). Исламды кабыл алгандан кийин жаныбарларды жөн эле өлтүрүүнүн арам катары кабыл алынышы тирүү калган жаныбарларды коё берүүнүн бир себеби дегенге

болот. Бирок, исламга чейинки түрктөрдө жана монголдордо түрдүү диний ишенимдерден сырткары жаныбарлардын эркин коё берилишин эске алсак, анда бул жерде ислам дининин таасиринин анча көп эместиги байкалат. Жогоруда айтылгандардын баарын эске алуу менен бирге биздин оюбузча аңчылыктан кийин жаныбарлардын эркин коё берилиши алардын андан ары көбөйүп, төлдөшүн каалоо, ага шарт түзүү деп атоого мүмкүн. Анткени, көчмөндөрдө ачарчылык, жокчулук, жугуштуу оорулар учурунда адамдардын эң негизги азыктануу булагы болуп аңчылык саналган. Монголдордо жалган куран жана аяк оона айларында аң уулоого тыйуу салынган (Поло 1956: 118). Анткени бул учурларда жаныбарларда куут мезгили жана төлдөө мезгили башталган.

Ат менен курчап аң уулоонун мааниси

Айдак аңчылыктын эң маанилүү жагы бир эле учурда көп сандаган жаныбарларга аңчылык кылуу эле. “Манас” эпосунда эскерилген “Согушпасаң күч жетпейт, айдабасаң жаныбар келбейт” (Yıldız 2017: 400) саптары да бул нерсени тастыктайт. Муну менен кошо аңчылык учурунда атылган жаныбарларды ташып кетүү кыйын иш болгондуктан, адамдар жаныбарларды каалаган жерине айдап барып, ошол жерде аңчылык кылууну туура көрүшкөн. Дал ошентип бул ыкма аркылуу жаныбарларды каалаган жагына айдап барып аң уулоону ишке ашырышат, натыйжада эттерди ташуу жеңилдейт, ошол эле учурда коллективдүү аракет менен көп сандаган этке ээ болушат.

Айдак аңчылыкты маанилүү кылган нерсе аскерлердин согуштук жөндөмдүүлүгүн артышына кошкон салымы болуп саналат. Ошондуктан, түрк өкүмдарлары хун доорунан бери ар дайым ат менен аң уулоого чыгып, аскерлерин машыктырып турган.

Айдак аңчылыктын башка бир маанилүү функциясы урууларды биримдикке чакырган. Аңчылык үчүн хандын жетекчилиги астында чогулган уруулар аң уулоо учурунда чогуу аракет кылышкан, ал эми аңчылык бүткөндөн кийин тойлор башталып, алардын ортосундагы ынтымак бекемдеген. Байыркы убактардан бери ат менен аң уулоонун бул түрү алдыңкы планга чыгып келген. Буга чейин белгилеп өткөндөй бүткүл уруулар бардыгынын онгону деп эсептелген өгүздөргө аң уулоодо бир жерге чогулушуп, аңчылыкты бирге башташкан. Кийинки мезгилдерде айдың-талаанын татаал шарттарында кичинекей топтордун же жеке адамдын аң уулоосуна караганда чоң масштабдагы аңчылыктын ого бетер олжолуу боло тургандыгын түшүнүшкөнү ачык көрүнүп турат.

Корутунду

Айдак аңчылык салты түрк элдеринде байыртадан бери келаткан аңчылык түрү болуп саналган. Муну менен катар айдак аңчылыктын ритуалдык, аскерий окутуу, экономикалык жана көңүл ачуу максатында жасалгандыгын да айтып кетүүгө болот. Бүтүндөй тарыхый процесс боюнча түрдүү аймактарда, ар кыл шарттарга ыңгайлашууга мажбур болгон түрк элдери аңчылыктын жасалуу ыкмаларын жана максатын замандын талабына ылайык улантып келишкен. Ошондой эле ат менен аң уулоо салты түрк өкүмдарлары үчүн маанилүү жана милдетүү иш-чара катары бааланган.

Пайдаланылган булактардын тизмеси

1. ALLSEN, Thomas T, The Royal Hunt İn Eurasian History, 2006.
2. AŞIK, Alpaslan, Türk Ülüş Geleneğinin Kökeni ve Çağdaş Kırgız Toplumuna Yansımaları, Türk Dünyası Araştırmaları, cilt 112, sayı 221: 109-116, 2016.
3. CÜVEYNİ, Alaaddin Ata Melik, (1999). Tarih-i Cihan Güşa, (Çev. Mürsel Ö.), Kültür Bakanlığı Yayınları, Ankara, 1999.
4. D'OHSSON, A.Konstantin, Moğol Tarihi, (Çev. Bahadır A.), Nesnel Yayınlar, İst., 2008.
5. EBULGAZİ, Bahadır Han, Şecere-i Terâkime, (Haz.Ölmez Z.K.), Simurg Yay., Ank., 1996.
6. ESİN, Emel, Türk Kozmolojisine Giriş, Kabalcı Yayınları, İstanbul, 2001.
7. FAZLULLAH, Reşîdü'd-dîn, Cami'üt-Tevarih Selçuklu Devlet, (Çev. Erkan G. ve H. Hüseyin G.), Selenge Yayınları, İstanbul, 2010.
8. GÖKALP, Ziya, Türk Töresi, (Haz. H. Dizdaroğlu), Kültür Bakanlığı, Ankara, 1976.
9. GÖKALP, Ziya, Türk Uygarlığı Tarihi, (Haz. Çotuksöken Y.), İnkılap Kitabevi, İst., 1991.
10. GÜLTEPE, Necati, Türk Mitolojisi. Resse Yayınları, İstanbul, 2015.
11. KAFESOĞLU, İbrahim, Türk Milli Kültürü, Ötüken Yayınları, İstanbul, 1998.
12. KAPLAN, Mehmet, Türk Edebiyatı Üzerine Araştırmalar 1, Dergâh Yayınları, İst., 2002.
13. ÂŞGARLI, Mahmud, Dîvânu Lugâti't-Türk. (Haz. A. B. Ercilasun ve Z. Akkoyunlu), TDK Yayınları, Ankara, 2014.
14. KÖPRÜLÜ, M. Fuad, Türk Edebiyatı Tarihi, Ötüken Yayınları, İstanbul, 1980.
15. ÖGEL, Bahaeddin, Büyük Hun İmparatorluğu Tarihi: Cilt 2, Kültür Bakanlığı Yayınları, Ankara,1981.
16. ÖGEL, Bahaeddin, Türk Kültür Tarihine Giriş 7, Kültür Bakanlığı Yayınları, Ankara, 2000.
17. ÖGEL, Bahaeddin, Türk Mitolojisi 1. Cilt, TTK Yayınları, Ankara, 2010.
18. ONAT vd., Han Hanedanlığı Tarihi Hsiung-Nu (Hun) Monografisi, TTK, Ankara., 2004.
19. ÖNDER, Sevim Yılmaz, Oğuz Resmi İle Avlanma, Acta Turcica, 1(1): 12-21, 2009.
20. ŞÜKÜROV, Qiyas, Safevîlerde Av Geleneğinin Oluşumu ve I. Şah İsmail Dönemi Av Merasimleri, Acta Turcica, 1(1): 57-71, 2009.
21. YILDIZ, N. Ata, Manas Destanı Sagımbay Orozbek Uulu Varyantı 2.cilt, (Redaktör Naciye Ata Y.), Türk Dünyası Belediyeler Birliği Yayınları, İstanbul, 2017.
22. КОНСТАНТИНОВ Х.А. Сцены охоты на раннесрденовековых петроглифах Горного Алтая, Известия Алтайского государственного университета, 4-2 (76): стр.122-125, 2012.
23. МАРКО ПОЛО Книга Марко Поло, (пер. Минаева И.П.), Государственное издательство географической литературы, Москва, 1956.

Рецензент: Жапаров А.З. – тарых илиминин кандидаты КР УИА